“Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомединицалык инженерия” бакалаврдык багыты “Саламаттыкты сактоодогу информатика” профилинин негизги билим беруу программасына (НББП)

**РЕЦЕНЗИЯ**

“Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомединицалык инженерия” бакалаврдык багытынын негизги билим берүү программасы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Адам ресурстары жана уюштуруу иштери башкармалыгынын макулдугу (2017 - жылдын 29-июнь) жана Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2017-жыл 26-апрель күнкү №9 протоколу менен каралган сектордук квалификациялык рамканын негизинде ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинде түзүлгөн.

Каралып жаткан НББП өзүнүн ичине жалпы жоболорун, максаттарын, окутуудан күтүлүүчү натыйжаларды, окуу планын, жумушчу окуу планын, программанын компетенциялар картасын, окуу планындагы дисциплиналардын программасынын аннотациясын, практикалардын программасынын аннотациясын, мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга карата талаптарды камтыйт. НББПда көрсөтүлгөн багытка тиешелүү жалпы жоболор жөнөкөй тил менен кенен берилген.

Бул багыт үчүн мурдагы окуу жылында түзүлгөн НББПдан бул НББПда кыйла айырмачылыктар бар. Мында кызыктар тараптардын ой-пикирлерин жана сунуштарын эске алуу менен программанын максаттары, окутуудан күтүлүүчү натыйжалар, окуу планы жаңыланган. Жумуш берүүчүлөрдүн сунуштары менен 1-курстун экинчи жарым жылдыгындагы окуу таанышуу практикасы 2-курстун экинчи жарым жылдыгына жана 2-курстун экинчи жарым жылдыгындагы өндүрүштүк практикасы 3-курстун экинчи жарым жылдыгына жылдырылган.

2020-2021-окуу жылы үчүн түзүлгөн “Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомединицалык инженерия” бакалаврдык багыты «Информацияларды иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары» профилинин НББПсын ишке ашыруу менен жогорку квалификациялуу, компетенттүү бакалаврлар даярдалат деп ишенем.

"Ак-Куу" мед. клиникасынын жетекчиси: Рысматова Ф.Т.